**КАТЫШУУГА ЧАКЫРУУ**

«Керемет Банк» ААКда күрөөлүк мүлктү сатуу боюнча (соттук эмес тартипте) коомдук тооруктарды өткөрүү үчүн кызматтарды сатып алуулардын алкагында

Күнү: **«____»** ____________________

**Кимге: «Керемет Банк» ААК**

---

1. «Керемет Банк» ААКда күрөөлүк мүлктү сатуу боюнча (соттук эмес тартипте) коомдук тооруктарды өткөрүү үчүн кызматтарды сатып алууга кызыкдар экендигин билдирет.
2. Бааларды сурап билүүгө катышуу үчүн кыргыз же орус тилдеринде коммерциялык сунуш берүү зарыл, сунуш көрсөтүлүп келе жаткан кызматтар боюнча сертификат, көрсөтүлүүчү кызматтын наркы жана мөөнөтү менен коштолуусу керек.
3. Кайрылуу форматын төмөнкү дарек боюнча колмо-кол же электрондук почта аркылуу тапшырууга болот:

«Керемет Банк» ААКнын административдик бөлүмү
Кыргыз Республикасы
Бишкек шаары, Тоголок Молдо көч, 40/4, № 209 каб.
АБнын сатып алуулар секторунун башччысы
Бейшеналиев С.К.
Тел: (312) 313173 д/н 2080
Электрондук почта
tender@keremetbank.kg

4. Баа KGS\USD валютасында көрсөтүлүүсү зарыл, төмөнкүлөрдү эске алуу менен:
• Банк кеңсесине чейин ташып жеткирүүнү,
• Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык салыктарды жана жыйымдарды, ал кеминде 30 күн жарактуу болууга тийиш. Баа боюнча сунуштарды **жергиликтүү убакыт боюнча 2022-жылдын «__25___» февралында саат 13.00дөн** кечиктирбей жөнөтүү зарыл. Катышуучулардын көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечигип калган табыштамалары каралбайт.

**Сатуулардын соңку баасы шартсыз көрсөтүлүүсү керек,** техникалык спецификациялардын бардык талаптарына жооп берген жана эң төмөнкү бааны көрсөткөн катышуучуга артыкчылык берилет.

6. Бул өңдүү камсыздоолор менен иш алып баруу боюнча кеминде 1 жылдык тажрыйбасы тууралуу маалымат берүү (кат, камсыздоо суммасы көрсөтүлгөн келишимдин тизмеси жана Заказчылардын байланыш номурлары) (мүмкүн болсо)

*Коммерциялык сунуштарды караштыруунун жыйынтыгында Сатып алуу иштеринин катышуучуларынын табыштамаларында көрсөтүлгөн ташып жеткирүү мөөнөтү, ошондой эле төлөм шарттары өзгөртүлбөйт жана бааларды көтөрүү сунуштары каралбайт. Камсыздоо шарттары талапка ылайык келбесе же сатып алуулардын Жеңүүчүсү шарттарга*

*макул болбосо, Камсыздоо келишимин түзүү учурунда аталган Камсыздоочу Банк камсыздоочуларынын Кара тизмесине киргизилет.*

«Керемет Банк» ААКда күрөөлүк мүлктү сатуу боюнча (соттук эмес тартипте) коомдук тооруктарды өткөрүү үчүн кызмат көрсөтүүчү Компанияны тандоонун техникалык тапшырмасы

**1.** Келишимдин предмети – Аткаруучу Заказчынын күрөөлүк мүлкүн сатуу боюнча коомдук тооруктарды уюштуруу жана өткөрүү үчүн кызмат көрсөтүүгө милдеттендирилет.

2. Көрсөтүлгөн төмөнкүдөй кызматтар үчүн коммерциялык сунуштарды топтоо зарыл:

– Фиксацияланган чендин көлөмү (бир карыз алуучу үчүн, тооруктарды жарыялоо жана өткөрүү боюнча Компаниянын чыгымдардын жабуу үчүн) (күрөө предметинин санына карабастан).

- 1 жана 2-тооруктар өтпөй жана  Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күрөө предмети Заказчыга өткөрүлүп берилген бардык учурларда – Компаниянын сыйакысынын наркы.
- күрөө предемети тооруктарда сатылган учурларда иш жүзүндөгү сатуулардын эсебинен Компаниянын сыйакысы.
  - тооруктарды даярдоонун же өткөрүүнүн бардык баскычтарында күрөө предмети иш жүзүндө өткөрүлүп берилгенге чейин (тооруктардын натыйжалары жөнүндө протоколго кол коюлган) карыз реструктуризацияланган/графикке киргизилген учурда - Компаниянын сыйакысынын наркы.
- күрөө предмети кайтарым пул боюнча Заказчы тарабынан Менчик ээсинен кабыл алынса, Компаниянын сыйакысынын наркы.

**3.** Аткаруучу милдеттенет:

4.1. күрөө предметинен өндүрүп алуунун тартиби жөнүндө Макулдашуунун, Күрөө жөнүндө келишимдин шарттарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык тооруктардын даярдалышын жана өткөрүлүшүн камсыз кылууга;

4.2. Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын сактоо менен өз ишин алда канча үнөмдүү жана натыйжалуу түрдө (мөөнөттөрү, чыгымдары ж.б.) уюштуруу;

4.3. тооруктарды өткөрүү маселелери боюнча кандайдыр бир пикир келишпестиктер орун алган учурларда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык  бардык соттук инстанциялардагы соттук териштирүүлөргө катышуу.